**УДК: 82-313.2(575.2) (04)**
**DOI 10.53473/16946324**

**Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна**
Кыргыз жана орус тил кафедранын ага окутуучуусу,
ОИӨК "Кыргызстан Эл аралык университети"
**Кожобекова Гулбубу Сагынбековна,**
Старший преподаватель кафедры
"Кыргызского и русского языка",
УНПК "Международный университет Кыргызстана",
**Kojobekova Gulbubu Sagynbekovna,**
Senior Lecturer,
Department of the Kyrgyz and Russian language,
ERPC "International University of Kyrgyzstan"
Тел.: + 996 772 487 045
**Токтоналиева Гүлзат Ташманбетовна**
Кыргыз жана орус тил кафедранын ага окутуучуусу,
ОИӨК "Кыргызстан Эл аралык университети",
**Токтоналиева Гүлзат Ташманбетовна,**
Старший преподаватель кафедры
"Кыргызского и русского языка",
УНПК "Международный университет Кыргызстана"
**Toktonalieva Gulzat Tashmanbetovna,**
Senior Lecturer,
Department of the Kyrgyz and Russian language,
ERPC "International University of Kyrgyzstan",
**Дуйшенова Гульнара Эшмухамедовна,**
Кыргыз жана орус тил кафедранын окутуучуусу,
ОИӨК "Кыргызстан Эл аралык университети"
**Дуйшенова Гульнара Эшмухамедовна,**
Преподаватель кафедры
"Кыргызского и русского языка",
УНПК "Международный университет Кыргызстана"
**Duishenova Gulnara Eshmuchamedovna**
Lecturer,
Department of the Kyrgyz and Russian language,
ERPC "International University of Kyrgyzstan"

# ААЛАМДАШУУ ЖАНА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

# ГЛОБАЛИЗАЦИЯ И ТВОРЧЕСТВО ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

# GLOBALIZATION AND CREATIVITY OF CHINGIZ AITMATOV

***Аннотациясы**: Чыңгыз Айтматовдун өз мезгилиндеги башка жазуучулардан айырмаланып турган өзгөчөлүгү-келечекти көрө билип, аны каармандары жана окуялары аркылуу чыгармаларында чагылдыргандыгы болуп эсептелет. Бул макалада көрүнүктүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк адабияттагы орду баса белгиленип, окумуштуулардын жазуучу жөнүндөгү көз караштары камтылган. Коомдогу актуалдуу*

*проблемаларды чыгармалары аркылуу чагылдырып, ааламдашуу менен Айтматовдун чыгармаларынын байланышы бар экендиги аныкталат.*

***Негизги сөздөр**: ааламдашуу, Айтматов ааламы, космостук түшүнүктөр, образ, идея, проблемалар, классик, коомчулук, жазуучу, типтүү образ, дүйнөлүк адабият, интеллектуалдуулук, тематика, макалалар, кыргыз адабияты, актуалдуулук .*

***Аннотация**: Отличительной чертой Чынгыза Айтматова от других писателей современников является способность предвидеть будущее и отражать это через героев в своих произведениях. В этой статье особо подчеркивается роль видного прозаика Чынгыза Айтматова и его место в мировой литературе, видение учёных о писателе. В его произведениях освещены актуальные проблемы общества и наблюдается тесная связь с процессами глобализации.*

***Ключевые слова**: глобализация, вселенная Айтматова, космические понятия, образ, идея, проблемы, классик, сообщество, писатель, типичный образ, мировая литература, интеллектуальность, тематика, статьи, кыргызская литература, актуальность.*

***Abstract**: A distinctive feature of Chyngyz Aitmatov from other writers of his time is that he was able to see the future and reflect it in his works through his characters and stories. This article highlights the role of the famous writer Chingiz Aitmatov in world literature and provides the opinions of scientists about him. Aitmatov's creativity is connected with globalization, the reflection of current problems of society in his works.*

***Keywords**: globalization, Aitmatov's Universe, space concepts, image, idea, problems, classic, public, society, writer, typical image, world literature, intellectuality, topics, articles, Kyrgyz literature, relevance.*

---

Ааламдашуу жана Айтматов темасы адабият тармагында чоң изилдөөнү талап кылган маселелерден. Тагыраак айтканда, жазуучу эки кылымды башынан өткөргөн уникалдуу инсан катары өзүнүн чыгармаларында ошол мезгилдеги кат-сабаты төмөн, маданияты жетишээрлик деңгээлде жогору эмес, менталитети батыш элинен бир топ айырмачылыкка ээ кыргыз элинин XX кылымдагы жашоо образын чыгармаларында бүгүнкү ааламдашуу мезгилиндеги адамдардын жашоо образындай сүрөттөп, каармандары жана жаңыча сюжеттери аркылуу ошол мезгилдеги эч кимдин оюна келбеген ааламдашуу маселелесин чагылдырган. Мындан жүз жыл мурда космостук түшүнүктөр адамзаттын үч уктаса түшүнө кирбеген жаңылык болгон. Ал эми адамзаттын акчанын кулу болуп, жашоого болгон көз карашынын түп тамырынан бери өзгөрүшү, улутубуздун менталитетиндеги үй-бүлө баалуулуктары, тагыраак айтканда кыргыз кыз-келиндеринин жүрүм-туруму Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында терс көрүнүш катары кабыл алынганы менен-бүгүнкү күндөгү ааламдашуу шартында нормалдуу көрүнүш катары кабылданып калгандыгы анык.

Ч.Айтматов – кайталангыс жазуучу, таланттуу инсан, өз мезгилиндеги белгилүү коомдук ишмер, дүйнө жүзүнө аты таанымал шедевр экендиги талашсыз. Жазуучунун атасы Төрөкул Айтматов өз мезгилиндеги көрүнүктүү коомдук ишмер, кыргыз элинин патриоту катары Чыңгыз жеткен бийиктиктердин себепкери болгондугу жалпы журтка маалым. Балалык кезден тартып көргөн кыйынчылыктары Чыңгызды сындырбастан, тескерисинче көптөгөн ийгиликтерге жетүүгө бирден-бир түрткү болгон. Залкар жазуучунун жанында көп убакытта бирге жүрүп, Чыңгызды толук билген адам катары белгилүү адабиятчы А.Акматалиевди айтууга болот. Ал өзүнүн калемине таандык эмгегинде Айтматов тууралуу минтип айткан жери бар: ”Дүйнөлүк адабияттын мейкинине назар салсак, жылдыздар өтө эле көп , бирок төгөрөктүн төрт бурчуна тегиз көрүнгөн, жаркырап жанган жаркындары саналуу. Улуу устаттардын калеминен жаралган не бир баа жеткис көркөм нарк өзүнчө, ал эми алардын өмүрү, бири-бири менен өз ара байланышы ар башка. Баарынан мурда алардын ар биринин баскан жолу, жекече айлана-чөйрөсү жалпы окурмандар үчүн кандайдыр бир кызыгууну туудурбай койбойт. Алар

жөнүндө жетишээрлик маалыматтар болсо да, дагы тереңирээк билүүгө ынтызарбыз. Бүгүнкү күндө ошондой жер шаары куштарланып, сыймыктанып көңүлүнө түнөткөн адамдардын бири-Чыңгыз Төрөкулович Айтматов[39].

Адабиятчылар Ч.Айтматовдун дүйнөлүк адабияттагы ордун, чыгармаларынын кайсы мезгилде болбосун ар убакта актуалдуулугун белгилешип келет. Айтматовдун дүйнөлүк жазуучу Габриэль Маркестин чыгармачылыгы, өмүр таржымалы менен окшоштугун баса белгилешип, чыгармаларындагы проблемалардын актуалдуулугу жана идеяларынын курчтугу боюнча Айтматовдун романы өзгөчө орунда тураарын тастыкташат. Жазуучу жөнүндө ушул мезгилге чейин өтө көп талкууланып,бир канча көрүнүктүү адабиятчылар, окумуштуулар тарабынан изилденип талданып, миңдеген макала, илимий эмгектер жаралып, бүгүнкү күндө да актуалдуу мүнөзгө ээ болуп келет. Анткени Айтматов темасы-бүтпөс тема. Кылымдан кылым, доордон доор алмашса да жер жүзүндө кыргыз барда “Манас” менен “Айтматов” темасы өчпөйт деп ойлойм. Анткени бул эки баалуулуктар кыргыз деген атты океандын ары жагына чейин жеткирип, дүйнө жүзү бизди Чыңгыз жана “Манас” эпосу аркылуу таанып билет.

Айтматовдун эң бир өзгөчөлүгү катары олуялыгын айткым келет. Анткени мындан 60-70 жыл мурда эч кимдин түшүнө “космос” түшүнүгү кирбесе керек. Ал эми бүгүнкү күндө жазуучунун көрөгөчтүк менен жазган чыгармаларындагы космостук түшүнүктөр бүгүнкү күндө реалдуу нерсе болуп саналат. Чындыгында ошол мезгилдеги сабатсыз кыргыз элинин оюна илимий-техникалык прогресстер үч уктаса түшүнө кирбесе керек. Жазуучунун чыгармасындагы образдар системасы, тагыраак айтканда Жамийланын образы да буга далил. Анткени, ошол кездеги кыргыз элинин менталитети бүгүнкү күнгө салыштырмалуу такыр башка болгон. Ал кездеги кыргыз жаштары бирдиктүү жүрүм-турум эрежелерине баш ийип, коомго жат көрүнүштөрдү жасоого батынган эмес. Жазуучу ошол мезгилде бүгүнкү күндөгү жаштардын жүрүм-турум маселесин олуялык менен сезип, Жамийланын образы аркылуу алып чыккан. Ал кезде Жамийланын жасаган кылык-жоругу коомго терс таасирин тийгизгени менен, бүгүнкү күндө мындай нерсе нормалдуу көрүнүш катары эсептелип калгандай. Коомдогу абалдын ушундай деңгээлге жетээрин Чыңгыз мындан бир канча жыл мурун сезип, чыгармаларында образдары аркылуу негизги идеяны чагылдырганы-анын улуулугу. Ушул себептерден улам жазуучунун чыгармаларын бүгүнкү күндө да актуалдуу деп айтууга болот.

Чыңгызды изилдөөчү жаш окумуштуу Разия Сырдыбаева өзүнүн эмгегинде мындай деп айтат: “Заманбап профессионалдуу адабий искусстводо Чыңгыз Айтматов улуу классиктердин катарында турат. Анын үстүнө ал түрк маданияты, түрк сөзү, түрк окурмандары менен терең байланышта болгон. Айтматовдун үнүнүн интонациясы бай жана ар түрдүү. Эмнеси болсо да жазуучу өзүнүн чыгармаларын актер катары эмес, ”жазуучу катары“ окуйт, ал угуучуларына сырткы көрүнүшүн эмес, өзүнүн сөздөрүнүн терең ойлорун жеткирүүгө умтулат[40].

Айтматовдун чыгармаларынын актуалдуулугу катары-каармандарынын бүгүнкү күндөгү адамзаттын образы менен айкалышкандыгын айтууга болот. Анткени, бүгүнкү күндө аялзаты түмөн түйшүктү мойнуна алып, кээ бир эркектер жасай албаган ишти аткарып жаткандыгында. Баланы чоңойтуп, тарбия берүү, үйдөгү көр тирилик, андан калса иштеп үй-бүлө багуу маселеси-бүгүнкү күндө коомчулукта аялзатынын ролу катары эсептелип калгандай. Ушул сыяктуу проблемаларды Айтматов алда качан иликтеп, чыгармаларындагы каармандары аркылуу коомчулукка даңазалаган. Мисалы, “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонайдын элеси аркылуу жазуучу согуштун оор сыноолорун майышпай көтөргөн карапайым кыргыз аялынын типтүү образын түзгөн. Бул трагедиялуу боектор менен жазылган зор оптимисттик күчкө ээ болгон Толгонайдын образына күчтүү драмалык чыйралыш, терең психологизм , эпикалык кеңири

[39] А. Акматалиев «Чыңгыз Айтматов». - Б.:Бийиктик,2008.
[40] Сырдыбаева Р.М.Чингиз Айтматов и музыкальное искусство: Монография,- Б.: Алтын Принт , 2013

масштабдуулук мүнөздүү[41]. Мындан сырткары “Бетме-бет” повестиндеги Сейденин образы да жогоруда айтылган ойлорго мисал боло алат. Анткени, Сейде ошол кездеги согуштун кыйынчылыгына карабай, балдарын жалгыз багып түйшүк тартып, керек болсо Ысмайылды да жер төлөгө бекитип алып баккандыгы буга күбө. Айтматовдун “Ак кеме” повести жазуучунун чыгармачылыгында бөтөнчө мааниге ээ. Бул чыгармада адам тагдырынын не бир катаал жактарын изилдөөдөгү жазуучунун кыраакылыгы, интеллектуалдуулугу, ийкемдүүлүгү көрүнөт. Повесттин гуманисттик пафосу баштан аяк адамдын бийик сапаты жана нравалык тазалыгын даңазалайт[42]. Повесттеги “балык” болуп сууга агып кеткен баланын образы, куулук-шумдугу жоктугу, ак пейилдүүлүгү менен айырмаланып, адамды ар кандай бузукулукка , арамдыкка, зомбулукка каршы активдүү күрөшүүгө чакырат. Бул маселе бүгүнкү күндө да актуалдуу[43].

Айтматов ошондой эле публицистикалык очерктердин, адабий сын макалалардын, эссе жанрынын чоң чебери. Жазуучунун ар кайсы жылдары жарык көргөн макалаларынын топтомдорунан түзүлгөн “Жер, суу менен авторлош” (орус тилинде),”Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат” (кыргыз тилинде) жыйнактары тематикасынын кызыктуулугу, проблеманы терең ачып бере билүү чебердиги, көркөмдүгү менен анын көркөм жанрдагы чыгармаларынан кем эмес окурмандарды өзүнө тартып турат. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук адабият үчүн эле эмес улуттук искусствонун башка түрлөрүнүн өнүгүүсүнө да өзүнүн зор таасирин тийгизди. Анын чыгармаларынын негизинде музыкада чакан обондуу ырдан тартып симфонияга чейин жазылды, көркөм сүрөт искусствосунда ондогон, жүздөгөн эмгектер жаралды, театралдык спектаклдер, кино-фильмдер коюлду.

ЮНЕСКОнун билдирүүсү боюнча Ч.Айтматов бүгүнкү күндө чыгармалары көп басылган классиктердин бири. Анын чыгармалары дүйнөнүн 165 тилине которулуп, бир нече ирет чоң тираж менен (1998-жылы жалпы саны 67,5 млн экз.) кайталап басылган. ”Айтматов таануу” деген илимий атайын дүйнөлүк адабий процессте кеңири колдонууда.1989-ж. Бишкекте Эл аралык Айтматов клубу (негиздөөчүсү жана президенти окумуштуу А.Акматалиев) түзүлгөн. Ошондой эле Бишкекте “Айтматов чыгармаларынын китепканасы”, 1993-жылы Эл аралык коомдук Айтматовдун академиясы уюштурулуп, анын анык, ардактуу академиктери шайланган.

Бүгүнкү күндө Айтматов деген ысымдын ордуна “Айтматов ааламы” деген сөз эл арасында көбүрөөк колдонулат. Мындай улуу даражалуу сөзгө татыктуу болушуна бирден-бир себеп-Айтматовдун чыгармаларынын актуалдуулугу жана дүйнөлүк адабий аренадан орун алгандыгы болуп саналат.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында жаамы адамзаттын алдында турган ири маселелер, көйгөйлүү проблемалар көтөрүлөт, көбүнчө адамдын ыйманы талданып, этикалык жагдайлар алдыңкы планга чыгып, канткенде адам уулу адам боло алат?”- деген соболго жооп изделет да, мунун баары бийик гуманисттик-философиялык деңгээлде чечилет.

Айтматовдун чыгармачылыгы, жазган аңгемелери, повесттери, романдары жөнүндө толгон-токой китептер, макалалар, илимий изилдөөлөр жана диссертациялар жазылды. Айтор, Айтматовдун китеп дүйнөсү универсалдуу жана бүгүнкү күндө баарына жеткиликтүү экендиги айдан ачык. Жазуучунун жазган ар бир чыгармасы бүгүнкү күндө актуалдуу мүнөзгө ээ болуп, окурмандардын китеп текчесинен түшпөй келет.

[41] Акматалиев А.А. Кыргызская литература: история и эпоха (Кыргыз адабияты:тарых жана мезгил). – Б.: Илим 2010

[42] . Акматалиев А.А. Значение творческой активности Ч.Айтматова в процессе взаимообогащения национальных литератур. – Б.: Илим 1995

[43] Лузанова Е.С. Об историко-культурных категориях творчества Чингиза Айтматова // Вестник Кыргызского государственного университета унив-та им, И. Арабаева. –Б. , 2010

Айтматовдун чыгармалары кыргыз адабиятында гана эмес, чет өлкөлүк окурмандардын дакызыгуусуна ээ экендиги белгилүү.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Акматалиев А.А. Чыңгыз Айтматов. -Б.: Бийиктик,2008.
2. Акматалиев А.А. Чингиз Айтматов и взаимосвязи литератур. – Б .: Илим , 1991
3. Акматалиев А.А. Кыргызская литература: история и эпоха (Кыргыз адабияты:тарых жана мезгил). – Б.: Илим – 2010
4. Акматалиев А.А. Чингиз Айтматов и взаимосвязи литератур. – Б .: Илим , 1991
5. Акматалиев А.А. Значение творческой активности Ч.Айтматова в процессе взаимообогащения национальных литератур. – Б.: Илим 1995
6. Акматалиев А.А. Кыргызская литература: история и эпоха (Кыргыз адабияты:тарых жана мезгил). – Б.: Илим – 2010
7. Лузанова Е.С. Об историко-культурных категориях творчества Чингиза Айтматова // Вестник Кыргызского государственного университета унив-та им, И. Арабаева. –Б., 2010
8. Мырза-Ахмедова П.М. Национальная эпическая традиция в творчестве Чингиза Айтматова. – Ташкент: 1980.

Сырдыбаева Р.М. Чингиз Айтматов и музыкальное искусство: Монография,- Б.: Ал- тын Принт , 2013